КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АГАРТУУ МИНИСТРЛИГИ

КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ

# ПРЕДМЕТТИК СТАНДАРТ

# «КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ»

окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн жалпы билим берүүчү уюмдарынын 7–12-класстары үчүн

**Бишкек – 2025**

**ИШТЕП ЧЫККАНДАР:**

**Байгазиев С.О.** КББАнын Тарбия, социалдаштыруу жана мектептен сырткаркы кошумча билим берүү лабораториясынын башкы илимий кызматкери, филология илимдеринин доктору, профессор

**Муратов А.Ж.** И.Арабаев атындагы КМУнун педагогика кафедрасынын профессору, педагогика илимдеринин доктору, профессор

**Рысбаев С.К.** КББАнын Филологиялык билим берүү лабораториясынын башкы илимий кызматкери, педагогика илимдеринин доктору, профессор

**Акматов К.К.** "Маариф" мектебинин директору, педагогика илимдеринин доктору, профессор

**Абдухамидова Б.А.** педагогика илимдеринин кандидаты, доцент, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети

**Батыркулова А.Б.** КББАнын филологиялык билим берүү лабораториясынын башчысы, педагогика илимдеринин кандидаты

**Өмүралиева Ж.Т.** Бишкек шаарындагы №42 жалпы билим берүү орто мектебинин кыргыз тили жана адабияты мугалими

**РЕЦЕНЗЕНТТЕР:**

1. **Эгембердиева А.А.** И.Арабаев атындагы КМУнун мамлекеттик тил жана маданият институтунун директорунун орун басары, ф.и.д., профессор
2. **Деркембаев Т.**З. Бишкек шаарындагы проф. А.Молдокулов атындагы УИТМЛдин кыргыз тили, адабияты мугалими

Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептердин 7-12 - класстары үчүн "Кыргыз адабияты" боюнча предметтик стандарты Кыргыз Республикасынын Билим берүү жөнүндө мыйзамына (2023), Кыргыз Республикасында жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартына (2025) негизделип иштелип чыккан.

Аталган стандарт кыргыз адабиятын окутуунун негизги стратегиясын, урунттуу приоритеттүү багыттарын аныктайт, билим берүү, тарбиялоо жана өнүктүрүү маселелерин чечүүгө багытталат жана ар бир окуучунун өнүгүү деңгээлине карабастан, ийгиликтүү билим алууга бирдей шарттарды камсыз кылат.

*Ал билим берүүчүлүк парадигмадан компетенттүүлүктү калыптандыруу парадигмасына өтүү менен натыйжага негизделип окутуу сунушталат.*

Кыргыз адабияты предметинин окуу программаларын, окуу китептерин жана окуу-методикалык комплексин иштеп чыгуу үчүн негиз болуп саналат.

**М А З М У Н У**

I. ПРЕДМЕТТИН КОНЦЕПЦИЯСЫ, МАКСАТЫ, МИЛДЕТТЕРИ. .......................... 4
II. ПРЕДМЕТТИК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮКТӨР ........................................................ 6
III. МАЗМУНДУК БАГЫТТАР (мазмундук линиялар) ............................................ 7
IV. ОКУТУУНУН УСУЛДАРЫ ........................................................................ 15
V. ОКУУЧУЛАРДЫН ОКУУ ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛОО. ........................ 16
VI. ПРЕДМЕТТИК РЕСУРСТУК КАМСЫЗДООГО МИНИМАЛДУУ ТАЛАПТАР .... 20
VII. ШЫКТАНДЫРУУЧУ ЖАНА КООПСУЗ БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ ЧӨЙРӨ ТҮЗҮҮ ........................................................................................................ 23

# I. ПРЕДМЕТТИН КОНЦЕПЦИЯСЫ, МАКСАТЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

Кыргыз адабиятын окутуу улуттук өзгөчөлүктү сактоонун, инсанды тарбиялоонун жана руханий-адептик баалуулуктарды муундан муунга өткөрүүнүн негизги куралы болуп саналат. Кыргыз элинин кылымдарды карыткан тарыхы, маданияты, дүйнөтаанымы жана эстетикалык табити дал ушул көркөм сөз өнөрүндө – элдик оозеки чыгармачылыкта жана профессионалдык адабиятта камтылып келген. Кыргыз адабиятынын окуу предмети катары мазмунунун негизин кыргыз адабиятынын алтын фондусу, башкача айтканда, байыркы доордогу жана орто кылымдардагы адабий мурастардын үлгүлөрү, улуттук фольклор, акындар поэзиясы, жазма адабиятыбыздын жана профессионал көркөм өнөрүбүздүн классикалык мүнөздөгү, окурмандарга кеңири таанылган чыгармалары түзөт. Булардын ичинен 10-12-класстарда профессионалдык адабиятка басым жасалып, ал системалуу курс иретинде тарыхый-адабий негизде үйрөнүлөт. Кыргыз адабияты окуучунун улуттук аң-сезимин, тарыхый эс тутумун, адабий-көркөм ой жүгүртүүсүн жана баалуулуктар дүйнөсүн калыптандырууга багытталган күчтүү тарбиялык жана таанып-билүүчү потенциалга ээ.

Кыргыз адабиятын окутуу аркылуу окуучулар:

- кыргыз элинин тарыхый-маданий мурастары менен таанышат;
- көркөм сөздү түшүнүү, баалоо жана ырахат алуу жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүшөт;
- инсандын ички дүйнөсүн байытуучу этикалык жана эстетикалык баалуулуктарды өздөштүрүшөт;
- улуттук тилге, маданиятка, салт-санаага сый-урмат менен мамиле кылууга тарбияланышат.

Адабий чыгармаларды окутуп-үйрөтүү окуучунун окурмандык компетенттүүлүгүн, кабыл алуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө, көркөм текстти талдоо жана интерпретациялоого, аны чыгармачыл иштеп чыгууга жана өз тексттерин жаратууга б.а. окуучулардын функционалдык сабаттуулугун калыптандырууга мүмкүндүк берген ыкмаларга, мамилеге таянат.

Адабиятты окутуу окуучунун жаш курагын эске алат, бирок окуучу өздөштүргөн деңгээл менен канааттанууга жол бербейт. Бул мааниде билим берүүнүн милдеттери жетишкен деңгээлден алдыга кетет, окутуу процесси окуучунун өздөштүргөн абалын улам өзгөртүү процессине айланат. Адабият искусствонун бир түрү катары ички табияты менен өтөгөн функциясы жана окутуп тарбиялоодогу мектептин милдеттери адабият сабагынын максатын аныктайт.

**Кыргыз адабиятын 7-12-класстарда окутуунун максаты**:

Кыргыз адабиятын окутуунун максаты — окуучунун улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктарга негизделген инсандык сапаттарын, көркөм ой жүгүртүүсүн, эстетикалык табитин, чыгармачылык жөндөмүн жана адабий түшүнүгүн өнүктүрүү аркылуу **жан дүйнөсү бай, акыл-эси сергек, маданий аң-сезими калыптанган, жоопкерчиликтүү, өнүгүүгө умтулган жаранды** тарбиялоо.

Максатка жетүү үчүн төмөнкү **милдеттер** ишке ашырылат:

**Таанып-билүүчүлүк (билим берүүчүлүк):**

- көркөм чыгармалар аркылуу окуучунун түшүнүү, ойлонуу, элестетүү жөндөмдөрүн өнүктүрүү;

- адабий тексттердин жанрдык, стилдик өзгөчөлүктөрүн түшүнүүгө жана автордук идеяны, көркөм образдарды чечмелөөгө үйрөтүү;
- элдик оозеки чыгармачылык менен жазма адабияттын байланышын, улуттук каада-салт жана тарыхый көрүнүштөрдү адабиятта кантип чагылдырылганын түшүндүрүү.

**Жүрүм-турумдук (өнүктүрүүчүлүк):**

- окуучулардын ой жүгүртүү, талдоо жана салыштыруу көндүмдөрүн өркүндөтүү;
- чыгармачылык көндүмдөрдү калыптандыруу: эссе, баян, монолог жазуу, сахналык көрүнүштөрдү түзүү  жана чыгармачыл чечмелөөлөрдү берүү,
- кыргыз адабияты менен дүйнөлүк адабияттын байланышын, тематика, образ, сюжет жана идеялар боюнча салыштыруу жүргүзүүгө шарт түзүү

**Баалуулук (тарбия берүүчүлүк):**

- каармандардын образдары аркылуу адамдык баалуулуктарды (ак ниеттүүлүк, боорукерлик, адилеттүүлүк, жоопкерчилик) аңдатуу;
- улуттук рухту калыптандыруу

Кыргыз адабиятын окутуу иштери педагогика илиминин жалпы, атайын жана жеке методологиясынын жоболоруна негизделет. Кыргыз адабиятын окутуу процессинде инсанга багытталган окутууга, окуучулардын окурмандык, функционалдык сабаттуулуктарын калыптандырууга, өнүктүрүүгө өзгөчө маани берилет.

Кыргыз  адабиятын окутуунун жалпы мазмуну төмөнкүлөрдү камтыйт:

1. **Кыргыз адабиятын окутууну социалдаштыруу маселеси.** Кыргыз адабиятын окутууну социалдаштыруу чыныгы социалдык-турмуштук, коомдогу муктаждыктарга жараша аныкталат. Учурдагы кыргыз адабияты – окуучулардын сөз байлыгынын кенен болушуна, сүйлөө маданиятынын калыптанышына, ой жүгүртүүсүнүн өнүгүшүнө кызмат кылуусу шарт. Мектеп окуучусу кыргыз адабиятын өз дүйнө таануусунун, адеп-ахлак, таалим-тарбия алуунун негизги каражатыкатары кабыл алып, адабияттык билимди терең өздөштүрүп, өз турмушунда колдоно алуусуна жетиштирүү максаты коюлат.
2. **Кыргыз адабиятын окутууну ааламдаштыруу маселеси.** Бул кыргыз адабиятын окутууда иштелип чыккан коцепцияларды, технологияларды, критерийлерди ж.б. алардын соңку жетишкендиктерин пайдалануу. Кыргыз адабиятын эл аралык, улуттар аралык карым-катнаштын, көп маданияттуу билим берүүнүн каражаты катары колдонуу, окутуу ишинде артыкчылык берүү. Предметти окутуунун өзгөчөлүктөрүн жана көйгөйлөрдүн глобалдуулугун эске алганда көп маданияттуулук принцибин колдонуу актуалдашат. Бардык маданияттар өз мазмуну, өз бөтөнчөлүктөрү менен айырмаланат, ал эми маданияттын маанилүүлүгү айрым инсандар менен аныкталат. Кыргызстандагы коомчулук көп улуттуу табиятка ээ, көп маданияттуулук принциби билим берүүнүн мазмуну ар түрдүү этникалык маданияттардын белгилүү бир элементтерин чагылдырышы керек деп эсептейт. Этникалык маданияттар – өлкөнүн бардык адамдарынын жалпы байлыгы, Кыргызстандын жалпы улуттук маданияты – этникалык маданияттардын өз ара баюу жана өз ара сиңүү тарыхый процессинин жемиши.
3. **Кыргыз адабиятын окутууну гумандаштыруу маселеси.** Мында кыргыз адабиятын окутуу процессинде мугалимдердин, окуучулардын, ата-энелердин карым-катнашы, кызматташтык мамилелери, бири-бирин урматтоосу гумандуу педагогиканын шарты катары саналат.

Мугалим адабий түшүнүктөрдүн жыйындысын берүүчү гана адис эмес, окуучулардын адабий билимди, билгичтикти, көндүмдөрдү калыптандыруучу катары саналат. Кыргыз адабияты сабагы мугалим менен окуучунун бири-бирин урматтоо сезимин калыптандырган, бир максатка багытталган ишмердүүлүктү жаратуу процесси болуп саналат.

4. **Кыргыз адабиятын окутуунун философиялаштыруу маселеси.** Кыргыз адабиятын окутуу процессинде көркөм чыгармалардын философиялык маани- маңызы адабиятты окутуу процессинде окуучулар өз алдынча адам мүнөзүнүн маселелерин философиялык жактан өздөштүрүшү, аларга: жакшылык менен жамандык, акыйкат менен наадандык, өмүр менен өлүм, адам жана кудай, адеп-ахлак жана муундар тагдыры, жеке адам жана табийгат, адамдык нарк, ыйман, парз, сыймык, ар-намыс ж.б. түшүнүктөрдүн көркөм чыгармада чагылдырылышы. Чыгарманын философиялык маанисин, кыргыздардын улуттук ойлоо өзгөчөлүктөрүн талдоо, аларга баа берүү. Кыргыз адабиятын окутууга коммуникативдик мамиле жасалып, окутуунун обьектисин көркөм текст түзүүсү, ал эми сабак процесси жандуу сүйлөшүү, талдоо, талкуулоо, баяндоо иштери аркылуу жүргүзүлүшү шарт.

## II. ПРЕДМЕТТИК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮКТӨР

**Окурмандык компетенттүүлүк**– адабий чыгарманы эстетикалык өздөштүрүүгө жөндөмдүүлүк, искусствонун башка түрлөрүнүн катарында адабияттын өзгөчөлүгү жөнүндө түшүнүгүн калыптандыруу. Бул компетенттүүлүктүн негизи — көркөм сөздүн көп маанилүүлүгүн ачуу жана аны инсандык деңгээлде кабыл алуу аркылуу түшүнүү,

адабият таануу түшүнүктөрүн көркөм чыгарманын маңызын аңдоонун куралы катары өздөштүрүү.

**Эмоционалдык баалуулук компетенттүүлүгү** – окуучунун адабиятта чагылдырылган адептик жана эстетикалык баалуулуктарды аныктоого жана түшүнүүгө, сезимдерин, мамилесин билдирүүгө, ой жүгүртүүгө, аларга карата өзүнүн мамилесин негиздөөгө жана улуттук баалуулуктар менен байланыштырууга, гуманисттик позицияларды жактоого жөндөмдүүлүгү**.**

**Адабий-чыгармачылык компетенттүүлүк** – окулган чыгармалар жана жеке тажрыйба негизинде адабий чыгармачылыкка жөндөмдүүлүк; ар түрдүү темадагы, жанрдагы жана формадагы адабий чыгармачыл иштерди жазуу; адабий чыгармалар, жеке таасирлер, ассоциациялар боюнча оозеки жана жазма ой жүгүртүүлөрдү жаратуу; көркөм сөз каражаттарын колдонуу жөндөмдүүлүгү.

Бул компетенттүүлүктөр предмет боюнча күтүлүүчү натыйжалардын тизмесинде берилген жана динамикада көрсөтүлгөн. Ар бир баскычты аткаруу төмөнкүлөрдү эске алууну талап кылат:

– окуучунун компетенттүүлүктөрдү өздөштүрүүсүнүн сапаты убакыт өтүшү менен тереңдейт;

– күтүлүүчү натыйжалар өзгөрөт же толукталат;

– компетенттүүлүктөр мазмундук багыттардын кесилишинде интеграцияланып, өз ара аракеттенет жана окуучунун жеке тажрыйбасын байытып турат.

## III. МАЗМУНДУК БАГЫТТАР (мазмундук линиялар)

Предметтик стандартта мазмундук багыттар (линия) адабий чыгарманын ар түрдүү аспектилери жөнүндө түшүнүк берет, анын структуралык өзгөчөлүктөрүн ачат. Мазмундук багыттар (линия) адабияттын мектеп курсунун негизги компоненттерин аныктайт.

**1- мазмундук багыт (линия). Көркөм форма**

Адабий чыгармалардын жанрдык ар түрдүүлүгүн чагылдырат. Айрыкча көркөм чыгарманын бүтүндүгүн түшүнүүнү камсыз кылат. Ар кандай жанрдагы (эпикалык, драмалык, лирикалык) чыгармалардагы сюжеттин жана анын элементтеринин өзгөчөлүктөрүн ачып берет. Көркөм форманын ар түрдүүлүгүн кабыл алуу аркылуу окуучунун **дүйнө таанымы**, **улуттук өзгөчөлүктөрдү таануу жөндөмү** калыптанат.

**2- мазмундук багыт (линия). Адабий каарман**

Көркөм чыгармадагы образдар системасын, фольклордогу жана адабий чыгармадагы каармандын өзгөчөлүктөрүн ачып берет. Автордун жана окуучу окурмандардын адабий баатырды кабылдоосун карайт, гендердик теңчиликти, басмырлабоону, көп түрдүүлүктү эске алат, өз позициясын аргументтүү билдирүүгө, адеп-ахлактык баалуулуктарды жана мамилелерди түшүнүүгө, жеке позициясын айта алышына, нравалык түшүнүктөр жана жашоо баалуулуктар боюнча ой жүгүртө алышына маани берет. Адабий образдар аркылуу **инсан**, **жарандык милдет**, **адамдык сапаттар** талданат. Окуучу **өзүнүн жеке позициясын** билдирип, коомдогу ордун түшүнүүгө жетишет.

**3- мазмундук багыт (линия). Көркөм кеп (сөз)**

Көркөм кептин негизги белгилерин аныктайт. Эпикалык, лирикалык жана драмалык чыгармалардагы көркөм каражаттардын өзгөчөлүгүн жана алардын образдарды / образдар системасын түзүүдөгү ролун ачып берет. Жазуучунун стилинин көркөм өзгөчөлүгүн түшүндүрөт. Көркөм кеп аркылуу окуучу **улуттук нарк-насилди, ойлом маданиятын**, **сөздүн ыйыктыгын** терең түшүнөт. Маданияттуу, жоопкерчиликтүү жаран катары **өз оюн туура, так, терең билдирүү** көндүмдөрү өнүгөт.

**4- мазмундук багыт (линия). Автор (автордук, көркөм дүйнө)**

Чыгармалардын адеп-ахлактык жана социалдык темаларын ачып берет. Эпикалык, драмалык жана лирикалык чыгармаларда автордун позициясын билдирүүнүн ар кандай жолдорун (юмор, ирония, сатира ж.б.) карайт; мотивдерди өнүктүрүү, жазуучунун чыгармачылыгында. Көркөм чыгармада каарманды / каарманды, баяндоочуну жана авторду айырмалоо. Окуучулардын өз позициясын билдирүүгө өбөлгө түзөт. Автордук көз карашты түшүндүрүү аркылуу окуучу **улуттук идеологияга**, **жарандык активдүүлүккө**, **гуманисттик дүйнө таанымга** ээ болот.

Мазмундук багыттар предметтин бардык темаларын бириктирип, негизги идеялар аркылуу өтүүчү мазмундун негизги өзөгүн түзөт. Бул бөлүктө окуучунун негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрүнөн түзүлүүчү окутуунун күтүлүүчү натыйжалары көрсөтүлгөн. Күтүлүүчү натыйжалардын ар бирине ар бир окуучу жетишүүсү милдеттүү болуп саналат.

Күтүлүүчү натыйжалар номерленген. Ар бир сан маалыматтык жүктөмгө ээ. Мисалы, 7.1.1.1. күтүлүүчү натыйжа бул 7-класс үчүн (биринчи сан) экенин көрсөтөт. Экинчи сан бул натыйжа кайсы предметтик компетенттүүлүктү калыптандыра турганын билдирет Бул мисалда болсо ал – “окурмандык компетенттүүлүк”, үчүнчүсү – мазмундук линиянын номерин көрсөтөт. Акыркы сан күтүлүүчү натыйжанын катар номери. Бул мисалда 1 деген сан турат, демек, биринчи күтүлүүчү натыйжа. Ар бир класстын күтүлүүчү натыйжалары мурунку натыйжаларга таяна турганын жана ошондой эле мурунку класстын натыйжаларын ушул класстагы окутууга кошо турганын эске алуу керек. Ошентип, педагог мурунку класстагы күтүлүүчү натыйжаларды эске гана албастан, мурунку күтүлүүчү натыйжаларды өнүктүрүүнү улантат.

**Таблица 1. - Окуучуларды окутууда күтүлүүчү натыйжалар (баскычтар жана мазмундук багыттар боюнча)**

| Мазмундук багыттар | Негизги жалпы | | | Орто жалпы | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **7 - класс** | **8 - класс** | **9 - класс** | **10 - класс** | **11 -класс** | **12- класс** |
| | **Окумандык компетенттүүлүк** | | | | | |
| **1. Көркөм форма (сюжет, компози-ция, жанрлар)** | 7.1.1.1. Чыгармада негизги эпизоддорду аныктайт; | 8.1.1.1. Чыгармада негизги эпизоддорду аныктайт | **9.1.1.1.** Окуучу көркөм тексттеги негизги идеяны, конфликтти жана каармандардын жүрүм-турумун талкуулоого аракет кылат. | **10.1.1.1.** Окуучу автордун ою жана тексттин түзүмү тууралуу түшүнүк алат; чыгарманын жанры, образдары жана мазмуну боюнча өз оюн билдирет. | **11.1.1.1.** Окуучу чыгарманы адекваттуу кабыл алып, тексттин идеялык-мазмундук өзөгүн түшүнөт; көркөм форма менен мазмундун байланышына кызыгуу көрсөтөт. | **12.1.1.1.** Окуучу көркөм тексттин формалык жана мазмундук өзгөчөлүктөрүн тааныйт, окурмандык көз карашын негиздеп түшүндүрөт. |
| | 7.1.1.2. Көркөм чыгарманын сюжетин кыскача айтып берет; Көркөм чыгарманын сюжетин жана анын тарыхый негизин салыштырат; | 8.1.1.2. . Көркөм чыгарманын сюжетин кыскача айтып берет; Ар түрдүү жанрдагы чыгармалардын айырмаланган өзгөчөлүгүн табат жана комментарийлейт; | **9.1.1.2.** Окуучу чыгармадагы каармандардын психологиялык дүйнөсүн анализдөөгө умтулат, сюжеттик өнүгүүнү жана көркөм каражаттарды тааныйт, автордук позицияны түшүнөт | **10.1.1.2.** Окуучу чыгармадагы сюжеттик түзүлүштү, лирикалык же эпикалык форманы, автордук баяндоо стилин талдайт; окурман катары эстетикалык баасын берет. | **11.1.1.2.** Окуучу автордун чыгармачылык ыкмасын, сюжеттик түзүмүн жана образдар системасын тереңирээк талдайт; тексттеги көркөм каражаттарды максаттуу колдонот. | **12.1.1.2.** Окуучу текстти терең анализдеп, көркөм форма менен мазмундун байланышын чечмелейт; чыгарманы доордук, автордук өзгөчөлүктөр менен байланыштырат. |
| | 7.1.1.3. тексттен композициянын элементтерин (интерьер, автордук мүнөздөмө, диалог, монолог ...) бөлүп көрсөтөт жана алардын чыгармадагы ролун ачып берет; аңгеменин, повесттин, ырдын түзүлүш бөтөнчөлүктөрүн айырмалайт; | 8.1.1.3. Көркөм чыгарманын негизги көркөм сүрөт каражаттарын бөлүп көрсөтөт; | **9.1.1.3.** Окуучу көркөм форманын терең маңызын ачып, текст менен маданий, тарыхый, философиялык контекстте иштейт; чыгарманы автордук ыкма жана заманбап окурман катары сынчыл анализ кылат. | **10.1.1.3.** Окуучу автордук позицияны терең түшүнөт, тексттин формасын жана мазмунун айкалыштырып, көркөм өнөр катары чыгарманын көп деңгээлдүүлүгүн чечмелейт. | **11.1.1.3.** Окуучу текстте бир нече каармандын көз карашын, автордун негизги оюн жана чыгарманын өзгөчө жазылыш формасын эске алып талкуулайт; чыгарманы бүгүнкү күндүн турмушу менен байланыштырууга аракет кылат. | **12.1.1.3.** Окуучу чыгарманын поэтикалык түзүмүн, көркөм-эстетикалык концепциясын, философиялык терендигин терең талдайт; өзүнүн интеллектуалдык жана адабий позициясын аргументтүү негиздейт. |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **2. Адабий каарман** | 7.1.2.4. Каармандардын образдарын чыгарма аркылуу аргументтүү түшүндүрөт; | 8.1.2.4. Каармандардын мүнөзүн ачып берүүдөгү лейтмотив, диалог, монологдун ролун аныктайт жана аларды тексттен таба алат; | 9.1.2.4. Окуучу чыгармадагы негизги каарманды сүрөттөйт жана анын жоругун окуялардын өнүгүшү менен байланышта карайт. | 10.1.2.4. Окуучу каармандын жүрүм-турумун окуялар менен байланыштырып түшүндүрөт; анын оң же терс сапаттарын атап берет. | 11.1.2.4. Окуучу каармандын чыгармадагы ордун түшүндүрөт, анын аракетин окуянын өнүгүшүнө карата баалайт. | 12.1.2.4. Окуучу каармандын образын тааныйт жана анын өзгөчөлүктөрүн тексттин негизинде түшүндүрөт. |
| | 7.1.2.5.Каармандын мүнөзүн ачып берүүдө портреттин,сөздүн, пейзаждын ролун аныктай алат; | 8.1.2.5. Бир же бир нече тексттеги адабий каармандардын образдарын салыштырат | 9.1.2.5. Окуучу каармандын мүнөзүн, дүйнө таанымын, өзгөрүшүн анализдейт; чыгармадагы башка образдар менен салыштырып, ортосундагы карама-каршылыктарды көрсөтөт. | 10.1.2.5. Окуучу каармандын дүйнө таанымын, ички сезимдерин жана өнүгүүсүн тексттин үзүндүлөрүнө таянып талдайт; каармандардын өз ара мамилелерин чечмелейт. | 11.1.2.5. Окуучу каармандын ички дүйнөсүн жана мүнөзүнүн өзгөрүшүн автордук баяндоо менен байланыштырып анализдейт. | 12.1.2.5. Окуучу каармандын турмуштук тандоосу, ички татаалдыгы тууралуу анализ жүргүзөт; чыгармадагы башка образдар менен салыштырат |
| | **7.1.2.6.** Баяндоо түрүндөгү (пейзаж, портрет) же аңгеме түрүндөгү үзүндүлөрдү көркөм окуйт | **8.1.2.6.** Мүнөз, көркөм образ, лирикалык каарман деген түшүнүктөрдү түшүндүрө алат; | **9.1.2.6.** Окуучу каарманды доордук, коомдук шартта карап, анын тагдырына терең баа берет; автордун ошол каарман аркылуу айткан идеясына өзүнүн пикир-талдоосун сунуштайт | **10.1.2.6.** Окуучу каармандын образы аркылуу автор эмнени айткысы келгенин түшүндүрөт; каарманды коомдук-тарыхый, философиялык жактан талдап, текстке терең баа берет. | **11.1.2.6.** Окуучу каарман аркылуу берилген идеяны өзүнүн турмуштук көз карашы менен байланыштырган терең чечмелөө жүргүзөт; каарманды окурман катары өз алдынча баалап, жеке пикир айтып берет. | **12.1.2.6.** Окуучу каармандын образын чыгарманын мазмуну, көркөм түзүлүшү, автордук көз караш жана доордук контекст менен байланышта терең изилдеп, сынчыл баа берет. |
| **3. Көркөм кеп** | **7.1.3.7.** Окуучу тексттен жөнөкөй көркөм каражаттарды (салыштыруу, эпитет ж.б.) табат жана алардын маанисин жөнөкөй мисал менен түшүндүрөт. | **8.1.3.7.** Окуучу көркөм тексттеги жандуу сүрөттөө, теңөө, эпитет сыяктуу каражаттарды тааныйт жана алардын маанисин жөнөкөй мисал менен түшүндүрөт. | **9.1.3.7.** Окуучу чыгармадан көркөм каражаттарды табат (мисалы: метафора, эпитет, кайталоо) жана алардын негизги маанисин | **10.1.3.7.** Окуучу текстте колдонулган көркөм каражаттарды мисал менен түшүндүрөт, алардын маанисин баалоого аракет кылат. | **11.1.3.7.** Окуучу чыгармадан автор колдонгон көркөм каражаттарды бөлүп көрсөтөт жана алардын мазмунга тийгизген таасирин жөнөкөй мисалдар | **12.1.3.7.** Окуучу тексттеги көркөм каражаттарды таанып, алардын чыгармадагы образ жаратуудагы ролун жөнөкөй талдайт. |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | түшүндүрөт. | | менен түшүндүрөт. | |
| | **7.1.3.8.** Окуучу көркөм кептин тексттеги маанисин жана каарман же окуя жаратуудагы ролун түшүнөт; автордун баяндоо стилине баа берет. | **8.1.3.8.** Окуучу чыгармадагы көркөм кептин образ жаратуудагы, каарман мүнөзүн ачуудагы ролун талдайт, автордук тилдин өзгөчөлүктөрүн көрсөтөт. | **9.1.3.8.** Окуучу көркөм кеп аркылуу жаралган стиль, автордук баяндоонун өзгөчөлүгү тууралуу пикир айтып, тексттин таасирдүүлүгүнө кандайча кызмат кыларын талдайт. | **10.1.3.8.** Окуучу көркөм кепти талдоо менен автордун стилин, баяндоо өзгөчөлүгүн таанып, текстке карата өзүнүн эстетикалык кабыл алуусун билдирет | **11.1.3.8.** Окуучу көркөм чыгарманын темасы, идеясы менен байланыштырып, анын окурманга тийгизген таасирин негиздейт | **12.1.3.8.** Окуучу тексттеги көркөм кепти поэтикалык жана стилдик өзгөчөлүктөр менен байланыштырып чечмелейт; автордук тилдин образдуулугуна көңүл бурат. |
| | **7.1.3.9.** Окуучу тексттеги көркөм каражаттарды чыгарманы ачуудагы каражат катары чечмелейт; автордук тилдин өзгөчөлүгүн эстетикалык көз караш менен баалайт. | **8.1.3.9.** Окуучу көркөм кептин поэтикалык тереңдигин чечмелеп, көркөм каражаттардын, чыг-н темасына, идеясына тийгизген таасирин сынчыл көз караш менен талдайт. | **9.1.3.9.**Окуучу чыгармадагы көркөм кепти тексттин эстетикалык түзүмү катары изилдеп, автордук ыкма менен стилдин байланышына терең баа берет; текстти көркөм-эстетикалык деңгээлде чечмелейт. | **9.1.3.9.** Окуучу тексттин поэтикалык түзүмүн көркөм кеп аркылуу чечмелейт; автордук тилин, стилдик айкындуулукту жана жанрдык-баяндоо өзгөчөлүктөрүн терең талдайт. | **11.1.3.9.** Окуучу автордук тилдин көркөмдүүлүгүн, баяндоонун стилдик өзгөчөлүктөрүн терең чечмелейт; көркөм кепти чыгарманын поэтикалык түзүмү катары изилдейт. | **10.1.3.9.** Окуучу көркөм кепти терең эстетикалык деңгээлде талдайт; тексттеги көркөм тилдин философиялык, руханий жана идеялык катмарларын сынчыл жана чыгармачыл деңгээлде интерпретация кылат. |
| **4. Автордук дүйнө** | **7.1.3.10.** Окуучу автор эмнени айткысы келгенин түшүнөт. | **8.1.3.10.** Окуучу автордун оюн түшүнүп айтып берет. | **9.1.3.10.** Окуучу автордун көз карашын тааныйт. | **10.1.3.10.** Окуучу автор эмнени билдиргиси келгенин түшүнөт. | **11.1.3.10.** Окуучу автордук ойду негизги мазмун менен чагылдырат. | **12.1.3.10.** Окуучу автордун идеясына түшүнүк берет. |
| | **7.1.3.11.** Окуучу автордун көз карашын, ойлорун негиздеп түшүндүрөт. | **8.1.3.11.** Окуучу тексттеги автордук позицияны талдайт. | **9.1.3.11.** Окуучу автордук идеяны текстке таянып чечмелейт | **10.1.3.11.** Окуучу автордун темага, каармандарга болгон мамилесин чечмелейт. | **11.1.3.11.** Окуучу автордун дүйнөтаанымын чыгармадан ажырата билет. | **12.1.3.11.** Окуучу тексттин негизинде автордук көз карашты аргументтейт. |
| | **7.1.3.12.** Окуучу автордук идеяны өз көз карашы менен салыштырып баалайт | **8.1.3.12.** Окуучу автордук дүйнө менен өзүнүн тажрыйбасын салыштырат | **9.1.3.12.** Окуучу автордун дүйнөтаанымын коомдук турмуш менен байланышта баалайт | **10.1.3.12.** Окуучу автордук концепцияны эстетикалык жана инсандык көз караштан интерпретациялайт | **11.1.3.12.** Окуучу автордун идеялык дүйнөсүн тарыхый, маданий контекстте түшүндүрөт | **12.1.3.12.** Окуучу автордук дүйнөнү сынчыл, аналитикалык деңгээлде талдайт. |

| | 2. Эмоционалдык баалуулук компетенттүүлүк | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **1. Көркөм форма (сюжет, компози-ция, жанрлар)** | **7.1.3.13.** Окуучу чыгармага каарманга, анын тагдырына эмоционалдык баа берет. | **8.1.3.13.** Окуучу көркөм чыгармага, окуяларга инсандык көз караштан жооп кайтарат. | **9.1.3.13.** Окуучу көркөм форманын эмоционалдык таасирин түшүнөт жана чыгарманын ички дүйнөсүнө жооп иретинде сезимин билдирет. | **10.1.3.13.** Окуучу көркөм текст аркылуу берилген руханий-эстетикалык таасирди кабыл алып, өзүнүн ички абалын түшүндүрөт. | **11.1.3.13.** Окуучу көркөм форманын поэтикалык түзүмүнөн эмоционалдык импульс алат жана аны адамдык тажрыйбасы менен байланышта кабыл алат. | **12.1.3.13.** Окуучу көркөм чыгармадагы идеяны жана поэтикалык өзгөчөлүктөрдү терең кабыл алып, инсандык сезим аркылуу баа берет. |
| | **7.1.3.14.** Көркөм каражаттар аркылуу ага жараша өзүнүн сезимин билдирет. | **8.1.3.14.** Каармандардын образына баа берип, адамдык сапаттарды баалоого үйрөнөт | **9.1.3.14.** Автордук сөз менен окурмандын жан дүйнөсүнүн байланышын аңдап, чыгармадан алган таасирин баалайт. | **10.1.3.14.** Чыгармадагы баалуулуктарга эмоциялык жактан үн кошуп, инсан катары пикирин билдирет | **11.1.3.14.** Автор айткан идеяга, образдар дүйнөсүнө руханий-эстетикалык жактан жооп кайтарат. | **12.1.3.14.** Чыгармадагы эстетикалык жана моралдык баалуулуктарды эмоционалдык деңгээлде интерпретация кылат. |
| **2. Адабий каарман** | **7.1.3.15.** Каармандын тагдырын адамдык баалуулуктарга таянып, моралдык-этикалык жактан баалайт. | **8.1.3.15.** Каармандын тагдырын адамдык баалуулуктарга таянып, моралдык-этикалык жактан баалайт. | **9.1.3.15.** Каармандын тагдырын адамдык баалуулуктарга таянып, моралдык-этикалык жактан баалайт. | **10.1.3.15.** Чыгарманын проблематикасынын жана автордук позициянын башкы каармандардын образдары менен өз ара байланышына көз салат; | **11.1.3.15.** Адабий каармандын аракеттери жана чечимдери аркылуу берилген адамдык сапаттарды аңдап, өзүнүн турмуштук көз карашы менен салыштырат. | **12.1.3.15.** Каармандын психологиялык дүйнөсүн терең талдап, анын инсандык өнүгүүсүн түшүндүрөт. |
| | **7.1.3.16.** Каармандын инсандык дүйнөсүн терең талдап, өзүнүн турмуштук көз карашы менен байланышта баа берет. | **8.1.3.16.** Каармандын инсандык дүйнөсүн терең талдап, өзүнүн турмуштук көз карашы менен байланышта баа берет. | **9.1.3.16.** Каармандын инсандык дүйнөсүн терең талдап, өзүнүн турмуштук көз карашы менен байланышта баа берет. | **10.1.3.16.** Автордун чыгармадагы көздөгөн идеясын көрө алат; | **11.1.3.16.** Каарман менен автордун ортосундагы баалуулук байланыштарды талдап, окуучунун инсандык позициясын билдирет. | **12.1.3.16.** Адабий каармандардын тагдыры аркылуу коомдогу баалуулуктарга жана көйгөйлөргө терең ой жүгүртөт. |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **3.Көркөм кеп** | **7.1.3.17.** Образдуу тил аркылуу берилген эмоционалдык маанини түшүнүп, ички кабыл алуусун билдирет. | **8.1.3.17.** Көркөм сөз каражаттары аркылуу берилген эмоционалдык маанини түшүнүп, көз карашын билдирет | **9.1.3.17.** Образдуу тил аркылуу берилген эмоционалдык маанини түшүнүп, ички кабыл алуусун билдирет. | **10.1.3.17.** Көркөм сөздөрдүн таасирин сезип, алар аркылуу берилген маанини кабыл алат | **11.1.3.17.** Чыгармадагы көркөм сөз, метафора, салыштыруулар сыяктуу каражаттарды түшүнүп, алардын маанисин жана сезимдик таасирин чечмелейт. | **12.1.3.17.** Автор колдонгон көркөм кеп стилинин өзгөчөлүктөрүн чечмелеп, алардын чыгармадагы эмоционалдык күчүн талдайт. |
| | **7.1.3.18.** Көркөм кепти эстетикалык деңгээлде талдап, руханий жана эмоционалдык таасирин интерпретациялайт. | **8.1.3.18.** Көркөм кепти эстетикалык деңгээлде талдап, руханий жана эмоционалдык таасирин интерпретациялайт. | **9.1.3.18.** Көркөм кепти эстетикалык деңгээлде талдап, руханий жана эмоционалдык таасирин интерпретациялайт. | **10.1.3.18.** Образдуу тилге эмоционалдык жооп кайтарып, ички таасирин билдирет | **11.1.3.18.** Көркөм кеп аркылуу берилген ойлордун ички терендигин жана тарбиялык маанисин өз жашоосу менен байланышта түшүндүрөт. | **12.1.3.18.** Көркөм кеп аркылуу берилген философиялык-эстетикалык ойлорду жогорку деңгээлде интерпретациялайт. |
| **4. Автордук дүйнө** | **7.1.3.19.** Чыгармадагы идеяларга жана автордук позицияга эмоционалдык жана баа берет. | **8.1.3.19.** Чыгармадагы идеяларга жана автордук позицияга эмоционалдык жана инсандык баа берет. | **9.1.3.19.** Автордун оюн, көз карашын талдай алат. | **10.1.3.19.** Чыгарманын адептик, социалдык-тарыхый жана ахлак-адептүү-философиялык проблематикасын алып чыга алат; | **11.1.3.19.** Автордун дүйнө таанымын, турмуштук көз карашын текст аркылуу таанып, андагы баалуулук мамилелерди чечмелейт. | **12.1.3.19.** Автордун идеялык-эстетикалык багытын, чыгармадагы руханий-коомдук позициясын таанып, ага өз көз карашын билдирет. |
| | **7.1.3.20.** Автордук дүйнөнү чечмелеп, жеке көз карашы менен айкалыштырат. | **8.1.3.20.** Автордук дүйнөнү интерпретациялап, жеке көз карашы менен айкалыштырат | **9.1.3.20.** Чыгармадагы идеяларга жана баалуулуктарга оюн билдирет | **10.1.3.20.** Чыгармага эстетикалык баа берет, аны аргументтейт. | **11.1.3.20.** Чыгармадагы автордук позицияны түшүнүп, өзүнүн эмоционалдык кабыл алуусу аркылуу ой жүгүртөт. | **12.1.3.20.** Автордун дүйнө таанымы аркылуу окуучу өзүнүн улуттук жана адамзаттык баалуулуктар системасын калыптандырат. |
| | 3. **Адабий чыгармачылык компетенттүүлүгү** | | | | | |
| **1. Көркөм форма (сюжет,** | **7.1.3.21.** Турмуштук таасирленүүлөр боюнча | **8.1.3.21.** Адабий чыгармалардын жанрларын (аңгеме, | **9.1.3.21.** Жанрлардын өзгөчөлүгүн эске алып, чыгарма | **10.1.3.21.** Ар кыл жанрлардагы чыгармалардын түзүлүшүн (сюжет, | **11.1.3.21.** Ар кандай көркөм формадагы чыгармалардан | **12.1.3.21.** Чыгарманын структурасын жана формасын түшүнүп, |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **компози-ция, жанрлар)** | (жомок, аңгеме,эссе) чыгармаларды жазат; | повесть, поэма ж.б.) таанып, алар боюнча чакан ой толгоо жаза алат. | түзүүгө аракет кылат (аңгеме, эссе, поэма). | структура, композиция) талдап, өзүнүн чыгармачылык жазуу ишинде негиз катары колдоно алат | таасирленип, публицистикалык же көркөм-адабий стилде автордук текст жарата алат. | альтернативдүү формада (модернисттик текст, монолог, лирикалык эссе) өз чыгармачылыгын көрсөтөт. |
| | **7.1.3.22.** Чыгармалардын негизинде сүрөт тарта алат. | **8.1.3.22.** Чыгарманын түзүлүшү (сюжет, композиция, баяндоо ыкмасы) боюнча жөнөкөй чыгармачылык анализ жасайт. | **9.1.3.22.** Композициялык түзүлүштү сактап, башталыш–өнүккөн–жыйынтык бөлүктөрү бар чыгарма жаза алат. | **10.1.3.22.** Жазган текстинде көркөм форманын өзгөчөлүктөрүн сактап, композициялык бүтүндүктү камсыздайт. | **11.1.3.22.** Форманын жанрдык-стилистикалык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен чыгармачылык жазуу ишин аткарат | **12.1.3.22.** Стилдик жактан өзгөчөлөнгөн тексттерди жаратып, көркөм форма менен идеянын байланышына терең көңүл бурат. |
| **2. Адабий каарман** | **7.1.3.23.** Каарман жөнүндө баалоонун элементтерин камтыган аңгеме түзө алат; | **8.1.3.23.** Каарманга өзүнүн мамилесин билдирип, таасирленип, чакан мүнөздөмө жаза алат. | **9.1.3.23.** Адабий каармандын ички дүйнөсүн түшүнүп, анын атынан күндөлүк, кат, монолог жаза алат. | **10.1.3.23.** Адабий каарманды анализдеп, анын жүрүм-турумун, мүнөзүн, ички сезим дүйнөсүн негиздүү сүрөттөйт. | **11.1.3.23.** Адабий каарманды психологиялык жактан терең талдап, анын тагдырын улап чыгарма түзөт. | **12.1.3.23.** Каарманды философиялык-психологиялык жактан чечмелеп, жаңы каарман түзөт же мурдагыны кайра интерпретациялайт. |
| | **7.1.3.24.** Айрым эпизоддорду сахналаштырат; | **8.1.3.24.** Каарман менен өзүн салыштырып, "эгер мен каармандын ордунда болсом…" түрүндө чыгармачыл ой-пикир билдирет | **9.1.3.24.** Каармандардын ортосундагы мамилени негиздеп, чакан сценарий же диалог түзөт. | **10.1.3.24.** Каарманды реалдуу турмушка байланыштырган чыгармачыл монолог, кат же күндөлүк жаза алат. | **11.1.3.24.** Каарман тууралуу чыгармачыл мүнөздөмө же "ички диалог" жазат. | **12.1.3.24.** Каармандын дүйнөсүн автордук позиция менен бирге сүрөттөп, чыгармада "эки үн" (автор–каарман) жарата алат. |
| **3.Көркөм кеп** | **7.1.3.25.** Чыгармага карата пикир жаза алат. | **8.1.3.25.** Көркөм каражаттарды (эпитет, салыштыруу, кайталоо) колдонууну үйрөнүп, чакан чыгармада аларды колдонуп жаза алат. | **9.1.3.25.** Чыгармачыл текст түзүүдө көркөм каражаттарды натыйжалуу колдонуп, окурманга таасир берүүчү сөздөрдү тандай алат. | **10.1.3.25.** Чыгармачылык ишинде көркөм сүрөттөө каражаттарын (эпитет, салыштыруу, метафора ж.б.) максаттуу колдонуп, | **11.1.3.25.** Жазган чыгармасында көркөм тилдин табиятын сактап, метафора, эпитет, ирония ж.б. | **12.1.3.25.** Жазган текстинде көркөм тилдин эстетикалык жана экспрессивдүү мүмкүнчүлүктөрүн толук колдонот. |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | окурманга эмоциялуу таасир бере алат. | каражаттарды чебер колдонот. | |
| | **7.1.3.26.** Окуган чыгармасы боюнча анонс, жарнама, досуна бул чыгарманы окууга сунуштаган кат жаза алат. | **8.1.3.26.** Чыгармадагы поэтикалык тилден таасир алып, өзүнүн сезимин кыскача сүрөттөп бере алат | **9.1.3.26.** Өзүнүн поэтикалык чыгармаларында (куплет, ыр саптары) образдуулукту жаратат. | **10.1.3.26.** Өзүнүн жазган текстинде көркөм кептин стилистикалык тазалыгын сактап, мазмун менен форманын айкалышын камсыздайт. | **11.1.3.26.** Көркөм кептин стилистикалык өзгөчөлүгүн эске алып, ар түрдүү максаттагы тексттерди жарата алат (эссе, рецензия, баяндама ж.б.). | **12.1.3.26.** Өзүнүн индивидуалдуу стилін көрсөтө алган чыгармачылык иш жазат (поэтикалык проза, философиялык эссе ж.б.). |
| **4. Автордук дүйнө** | **7.1.3.27.** Берилген модель боюнча анча чоң эмес чыгармаларды жаратат; | **8.1.3.27.** Автордун ой-ниетин түшүнүп, чыгарманын идеясы боюнча өз пикирін жазма түрдө билдирет. | **9.1.3.27.** Автордун идеясы, сезими, дүйнө таанымы боюнча чыгармачыл эссе же ой толгоо жаза алат. | **10.1.3.27.** Автордун чыгармасындагы идеяны, дүйнө таанымын, көз карашын түшүндүрүп, ага өзүнүн чыгармачыл жообун (эссе, ой толгоо, альтернативдик эпизод) жазат. | **11.1.3.27.** Автордун философиялык дүйнө таанымын интерпретациялап, "мен кандай түшүндүм" формасында чыгармачыл ой толгоо жаза алат. | **12.1.3.27.** Автордук идеяларды коомдук, маданий жана руханий контекстте чечмелеп, өзүнүн позициясын негиздейт. |
| | **7.1.3.28.** Автордун оюн түшүнүп, пикир билдире алат | **8.1.3.28.** Автордук идеяны улап, чыгарманы улантып финал жаза алат | **9.1.3.28.** Автор менен "сүйлөшүү" түрүндө чыгарма түзөт ("Сиз менен жолуксам, мындай деп айтат элем…" ж.б.). | **10.1.3.28.** Чыгармадагы автордук багытты өз жашоосу менен байланышта интерпретациялап, индивидуалдуу ой жүгүртөт. | **11.1.3.28.** Өзүнүн жашоо тажрыйбасы менен автордун көз карашын салыштырып, чыгарма жарата алат. | **12.1.3.28.** Чыгармага карата автордук альтернативалык текст түзөт ("чыгарманын уландысы", "авторго кат", "новелла негизинде ыр" ж.б.). |

## IV. ОКУТУУНУН УСУЛДАРЫ/ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ

Бүгүнкү күндө адабият сабагы — жөн гана чыгарманы окуу эмес, ал окуучунун сезимине, ой жүгүртүүсүнө, инсандык калыптанышына түздөн-түз таасир этүүчү сабак. Замандын талабы - чыгармачыл, сынчыл ойлонгон, баалуулукка таянган инсанды тарбиялоо. Бул максатка жетүү үчүн усулдардын ар түрдүүлүгү, алардын интерактивдүүлүгү жана турмуштук контексти менен байланыштуу болушу өзгөчө маанилүү.

Билим берүү процессинде башкы орун окутуу методдоруна таандык, метод канчалык майнаптуу болсо, балага мугалим тарабынан берилип жаткан билим ошончолук жугумдуу жана натыйжалуу болору бышык.

Метод – бул ишмердүүлүк, бул чыгармачылык. Ошол чыгармачылык аркылуу бул же тигил методго ар бир доордо, ар бир мугалим тарабынан жаңы нерселер кошулуп турат.

Метод «коюлган максатка ылайык келүүчү натыйжага жетишүүнү камсыз кылуучу адамдын аң-сезимдүү, белгилүү ырааттыкта аткарган иш-аракеттеринин системасы» болуп, ал: а) максаттын коюлушун; б) адамдын ишмердүүлүгүн (аракеттеринин системасын); в) зарыл болгон (интеллектуалдык, практикалык, предметтик) каражаттарды; г) обьектинин өзгөрүү процессин (обьектин максатка багытталган кыймылынын механимзми); д) максатка жетүүнү камтыйт». Педагогиканын тарыхында окутуудагы методдорду классификациялоо тууралуу эмгектер өтө көп, ошолордун бири азыркы дидактикада алардын сабакта колдонулушун жалпылап, үч топко – пассивдүү, активдүү, интерактивдүү топторго бөлүштүрүп карайт.

Адабиятты окутуу методикасында методдор тууралуу түшүнүктөр ар дайым эволюциялык аракетте болуп, улам жаңы ойлор менен толукталып келгендиги маалым. Эвристикалык, изилдөөчүлүк, репродуктивдүү, долбоорлоо, стандарттык эмес сабактын формалары, интерактивдүү ж.б. методдор аркылуу кызыктыруучу окутуу чөйрөсүн түзүү, шыктандыруу окуучулардын натыйжалуу билим алышына өбөлгө түзөт. Салттуу окутуудан айырмаланып, интерактивдик окутууда көп жактуу коммуникативдүүлүк, жагымдуу психологиялык кырдаал, окуп-үйрөнүүгө атайын ыңгайлуу педагогикалык шарттар түзүлөт.

Интерактивдүү иштөөдө акыл чабуулу, биргелешип окуу методу, маалыматты түшүнүп окуу көндүмүн өнүктүрүүчү методдор, текстти жаратуучу ар кандай методдорду **(**беш-он мүнөттүк эсселер, аргументтүү эсселер, дил баян, пикир жазуу ж.б.) колдонсо болот.

Акыркы убакта долбоор ыкмасына жана STEM технологиясына көп көңүл бурулуп жатат. Бүгүнкү күндө STEM же (STEAM) методу билим берүүнүн эң заманбап жана келечектүү тенденциясы. Көпчүлүк Батыш өлкөлөрүндө дал ушундай ыкма колдонулуп келе жатат. Бул математика, физика, химия, программалоо, сүрөт, тилдер бир билим берүү программасына бириктирилген. STEAM - бул аралаш билим берүү чөйрөсүндө балага илимди жана искусствону күнүмдүк жашоодо кантип колдонууну көрсөтүп-үйрөтүүчү дүйнөлүк билим берүү тенденцияларынын бири. Заманбап педагогикалык технологияларга ээ болуу (STEM технологиялары, долбоордук окутуу технологиясы, көйгөйлүү окутуу технологиясы, кызматташуу технологиясы, компьютердик технология) мугалимдин методикалык маданиятынын курамдык бөлүгү болуп эсептелет. Жаңы технологияларды окуу процессине киргизүү окуучунун көнүмүш мамилесин, ошондой эле мугалимдин позициясын да өзгөртөт.

**Эвристикалык (жарым-жартылай изилдөө) методу** – текстти бир топ терең талдоого жол ачып, адабияттануунун материалдарын пайдаланат, б.а., адабий чыгарманы илимий-теориялык жактан таанып билүүгө жол ачылат. Проблеманы чечүүнүн ар кандай жолдору изделет. Булар көбүнчө эвристикалык аңгемелешүү аркылуу ишке ашат. Бул методду жарым-жартылай изденүүчүлүк деп да аташат. Тапкычтыкты, активдүүлүктү өнүктүрүүчү окутуунун методу катары мугалим менен окуучунун чыгармачылык иш аракетинде тапшырмаларды табуу жолун тездетет.

Эвристикалык методго төмөнкүдөй ыкмалар мүнөздүү:

1. Суроолордун логикалык жактан так коюлушу жана ошонун негизинде окуучулардын кандайдыр бир көрүнүштөрдү байкоолордон анализдөөгө, жеке мүнөздөгү жыйынтыктардан жалпылоолорго өтүшү.

2. Көркөм чыгарманын текстти, же сын макала, иллюстрациялык материалдар боюнча жалпы класс, же бир топ, же жеке берилген суроолордон турган тапшырмалардын системасын ылайыктуу жайгаштыруу.

3. Мугалим тарабынан проблеманын коюлушу же аны окуучулардын улантышы, диспут өткөрүү.

Методикалык ыкмалары – өз алдынча билим алууга шарт түзүүчү, текст боюнча тапшырмалардын ырааттуулугун жайгара билүүчү, проблема чыгара алуучу суроолордун логикалык системасын таба алуу.

Окуучулардын окуу ишмердүүлүгүнүн түрлөрү - көркөм чыгармалардан материалдарды ылгай алуу; тексттианализдөөнүн элементтери менен айтып берүү; эпизодду анализдөө; образ-каармандарды анализдөө; дилбаянга, докладга ж.б. иштерге план түзүү; проблеманы көтөрө билүү.

**Изилдөөчүлүк методу** – кыргыз адабияты предметине чыгармаларды өз алдынча талдоо жүргүзүүчү ишмердүүлүк. Мында окуучулар жеке жана топтук изилдөө жүргүзүү менен чыгарманын идеялык-эстетикалык кунарын ачып билип, турмуш жана өз жашоосу менен салыштырып, көркөм табитин көтөрөт. Бул жагынан ал эвристикалык методго жакын болгону менен мында эвристикалык методдон үйрөнгөн чыгармаларды талдоо жана аларга баа берүү инструментарийлерин анадан ары иштетип, бир топ татаал проблемаларды окуучулар өз алдынча чече баштайт.

- Методикалык ыкмалары – изилдөөчүлүк милдет тагылган проблемалык суроолорду коюу.
- Окуучулардын окуу ишмердүүлүгүнүн түрлөрү – көркөм чыгарманын бөлүктөрүн же бүт баарын өз алдынча талдоо, салыштыруу, баа берүү.

Мугалим окуучуларга багыт жана кеңеш гана берет да, өзү пассивдүү байкоочу катары сыртта турат, изилдөөнү жана иликтөөнү окуучу же окуучулар тобу жүргүзөт. Мында ар кандай эссе, дилбаян, доклад жазууга, адабияттаануу, эстетика багытындагы эмгектерди пайдаланууга өзгөчө көңүл бурулат да, окуучулардын ой жүгүртүүсүн өстүрүүгө шарт түзүлөт.

**Репродуктивдүү методдо** окуучулар билимди даяр түрдө алат, мисалы, алар мугалимдин лекциясынан, баяндоосунан, окуулуктардан, окуу колдонмолорунан,адабияттаануу багытындагы китептерден предметке байланыштуу маалыматтарды алат. Бирок бул ошол материалдарды ошол бойдон «мээсине көчүрүп алат» дегендик эмес, механикалык кабылдоодон аң- сезимдүү кабыл алууга өтөт дегендик. Даяр материалды бала өз даярдыгына жараша иштеп чыгып, жалпылап, жыйынтыктап, мурда алган билими менен толуктап турат.Методикалык ыкмалар – мугалимдин баяндоосу; мугалимдин лекциясы, обзордук лекциялар; окуу китеби жана окуу куралдары боюнча тапшырмаларды берүү.

- Окуучулардын окуу ишмердүүлүгүнүн түрлөрү – мугалимдин лекциясынын планын түзүү жана конспектилөө; план коюу; окулган материалдарды конспектилөө жана тезис жазуу; синхрондук таблицаларды аткаруу; мугалимдин лекциясы, окуу китеби, окуу колдонмолору боюнча оозеки жоопторду даярдоо; тема же проблема боюнча жалпылоочу багыттагы дилбаяндарды, докладдарды даярдоо.

**Долбоорлоо методу.** Соңку кылымда азыркы педагогикада долбоорлоо (проект) методу деген түшүнүк пайда болду. Долбоорлоо методу окуучулардын жамаатташып иштөөсүнө жана алардын чыгармачылык активдүүлүгүн, ой жүгүртүүсүн, тапкычтыгын өстүрүүгө багытталган ишмердүүлүк. Мугалим менен окуучу кызматташып, ар кандай илимий билимдердин табылгаларын пайдаланып жаңы нерселерди издеп, аларды долдоорлойт. Методдо бала билген билимди дагы байытып, дагы өркүндөтүп гана калбай, аны иш жүзүндө колдоно баштайт.

- Биринчи этап – уюштуруу этабында топтор жана алардын кызыгуу чөйрөсү аныкталат.
- Экинчи этап – болочок долбоорду тандоо жана башкы идеяларын талкуулоо этабы болот да, анда долбоорду эмне үчүн түзөбүз жана андан кандай натыйжаларды алабыз дегендей максат-милдеттер белгиленет, тема дагы так аныкталып, план түзүлөт.
- Кийинки – долбоордун курамын аныктоо, топторго милдеттерди бөлүштүрүү жана

керектүү материалдарды тандоо этабында жалпы жөнөкөй план жазылат (ал кийин кеңири багытта түзүлүүгө тийиш), тема боюнча топтун жана окуучулардын кызыгууларына жараша тарыхый, археологиялык, крайтаануу, искусство чыгармалары, иллюстрациялар тандалат.

**5Е модели деген эмне?**

Сабактын 5Е модели – бул сабакты уюштуруунун конструктивдик ыкмасы, бул моделде окуучулар өз алдынча билимди изилдеп, түшүнүктөрүн калыптандырууга мүмкүнчүлүк алышат. Бул моделди BSCS( Biological Sciences Curriculum Stady) изилдөө уюму иштеп чыккан.

Бул модель өзгөчө жаратылыш таануу, математика жана STEM сабактары үчүн натыйжалуу, бирок, кийин бардык предметтерге колдонула баштады. Мисалы; Адабий окуу, кыргыз тили, кыргыз адабияты, орус тили сабактарында колдонула баштады. Ал беш негизги баскычтан турат:

1. **Кызыктыруу** (Engage) – бул этапта мугалим окуучулардын көңүлүн жаң темага буруп, кызыгуусун ойготот. Окуучулар мурунку билимдерин эске салып, жаңы маалымат менен байланыштыруу мүмкүнчүлүгүн алышат. Мисалы: видеоролик көрсөтөт же реалдуу жашоодон мисал келтирип, кызыктыруучу суроо берет.

**2. Изилдөө** (Explore) – бул этапта окуучулар жигердүү катышып, өз алдынча же топто практикалык иш алып барып, маселени чечүү жолдорун издешет. Мугалим бул жерде жетекчи катары иштейт, бирок, түз түшүндүрмө берип чечмелеп бербейт. Мисалы: Окуучулар тажрыйба жүргүзүшөт, маалыматтарды изилдеп, алар боюнча гипотезаларды-божомолдоолорду иштеп чыгышат.

**3.Түшүндүрүү** (Explain) – бул этапта окуучулар изилдөөнүн негизинде өз ойлорун, далилдерин, аныктамаларын айтууга аракет кылышат. Ал эми мугалим негизги түшүнүктөрдү баяндап, теманы системалуу түрдө багыттап, түшүндүрүп берет.

**4. Тереңдетүү** (Elaborate) бул этапта окуучулар алган билимдерин жаңы кырдаалда колдонуп, көндүмдөрүн өркүндөтүшөт. Мисалы: Окуучулар алган билимдерин жаңы мисалдар менен колдонууну үйрөнүшөт же практикалык тапшырмаларды аткарышат.

**5. Баалоо** (Evaluate) – бул этапта мугалим жана окуучулар билимдерди жана көндүмдөрдү баалашат. Бул тест, презентация, долбоо же талкуу түрүндө болушу мүмкүн. Мисалы: окуучулар рефлексия жүргүзүшөт, тест тапшырышат же чыгармачыл тапшырма аткарышат

**5Е моделинин артыкчылыктары**

- ✓ Окуучулардын активдүү катышуусун камсыздайт.
- ✓ Изилдөөчү ой жүгүртүүнү өнүктүрөт
- ✓ Окуучулардын мурунку билимин жаңы маалымаи менен байланыштырат
- ✓ Сабакты практикалык ыкма менен үйрөнүүгө жардам берет.

**V.**

## VI. ПРЕДМЕТТИ РЕСУРСТУК КАМСЫЗДООГО МИНИМАЛДЫК ТАЛАПТАР

Кыргыз жана дүйнө адабияты сабагы боюнча сапаттуу билим берүүнү камсыздоо үчүн ресурстук камсыздоо өтө маанилүү ролду ойнойт. Бул ресурстар окуучулардын калыптануусуна, билимди терең өздөштүрүүсүнө жана мугалимдердин натыйжалуу иштешине шарт түзөт.

**Таблица 5. – Ресурстук камсыздоо**

| Билим берүү ресурстарынын түрлөрү | Талаптардын мүнөздөмөсү |
|---|---|
| **Маалыматтык-коммуникациялык технологиялар** | МКТнын заманбап каражаттары төмөнкүлөрдү камсыз кылышы керек:<br>- глобалдык (Интернет тармагы) жана ички локалдык тармактын ресурстарына жетүү;<br>- интерактивдүү билим берүү ишинин мүмкүнчүлүгү;<br>- окуу мазмунун көрсөтүү.<br>- үндү күчөтүүчү приборлор (колонкалар, наушниктер), көрүүсү, угуусу начар окуучулардын материалды өздөштүрүүсүн камсыз кылуучу субтитрлер.<br>Компьютердик техниканын саны билим берүү керектөөлөрүнө ылайык келүүгө жана аны натыйжалуу пайдаланууга педагогдордун жана окуучулардын даярдык деңгээлин эске алууга тийиш. Санариптик компетенттүүлүктү өнүктүрүүгө багытталган мугалимдер үчүн |

| | |
|---|---|
| | квалификацияны жогорулатуу курстарын үзгүлтүксүз уюштуруу зарыл. |
| **Санариптик билим берүү ресурстары** | Окуу процесси санариптик билим берүү ресурстары, анын ичинде электрондук окуу китептери, Интернет түйүнүндө издөө каражаттары жана издөө системалары, электрондук билим берүү материалдарынын коллекциялары, ошондой эле билим берүү интернет-порталдары менен камсыз болушу керек. Санариптик ресурстар плакаттар, таблицалар жана схемалар сыяктуу басылган визуалдык демонстрацияларды алмаштыра алат.<br>Санариптик билим берүү ресурстары төмөнкү функцияларды аткарышы керек:<br>- маалымат булактары;<br>- керектүү маалыматты издөө куралдары;<br>- окуу процессин уюштуруу каражаттары.<br>Санариптик билим берүү ресурстарынын саны жана тизмеси зарылчылыктын жана жетиштүүлүктүн талаптарына жооп бериши керек. |
| **Окуу-методикалык комплекстерн** | Окуу процесси мугалим үчүн зарыл болгон методикалык камсыздоону (окуу китеби, окуу программасы, мугалим үчүн методикалык сунуштамалар, колдонмо, жумушчу дептер ж.б.), маалымдамаларды жана сөздүктөрдү камтыган заманбап окуу-методикалык комплекс менен камсыз кылынууга тийиш. Окуу-методикалык комплекси төмөнкүлөрдү камсыз кылат :<br>– предметтик мазмунду өздөштүрүү;<br>– окуучулардын окуу ишмердүүлүгүн уюштуруу;<br>– окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү;<br>– билимдерди, көндүмдөрдү, компетенттүүлүктөрдү окуучулардын билим алуу муктаждыктарын эске алуу менен өнүктүрүү: окууда кыйынчылыктарга дуушар болгон окуучулар үчүн, ошондой эле таланттуу балдар үчүн материалдар (дидактикалык карточкалар, онлайн куралдар, графикалык уюштургучтар ж.б.). |

## VII. ШЫКТАНДЫРУУЧУ ЖАНА КООПСУЗ БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ ЧӨЙРӨ ТҮЗҮҮ

Шыктандыруучу билим берүүчүлүк чөйрөнү кыргыз жана дүйнө адабияты сабагында инсанга багытталган технологияларды колдонуу менен түзүүгө болот. Кыргыз жана дүйнө адабиятын окутууда шыктандыруучу билим берүүчүлүк чөйрөнү түзүү - бул окуучунун текстти кабыл алуу, эстетикалык сезимин өнүктүрүү, чыгармачылыкка жана сынчыл ой жүгүртүүгө багытталган шарттарды камсыз кылуу дегенди билдирет. Мындай чөйрө ар бир окуучунун өзүн эркин, коопсуз, шыктандырылган инсан катары сезүүсүнө өбөлгө түзөт.

Адабият сабагында шыктандыруучу чөйрөнү уюштурууда мугалим төмөнкү аспектилерге көңүл бурат:

- Эмоционалдык-эстетикалык атмосфера түзүү: темага ылайык көркөм окуу, музыка, сүрөт, видеофрагменттерди колдонуу.
- Пикир билдирүүгө ыңгайлуу шарт түзүү: ар бир окуучунун оюн угуу, диалог жана баарлашууга негизделген сабак форматтарын колдонуу.

- Чыгармачылыкка шыктандыруу: каарманга кат жазуу, улантуу, ролдоштуруу, көркөм иллюстрацияларды жаратуу.
- Көркөм искусствонун башка түрлөрү менен айкалыштыруу: адабиятты кино, музыка, сүрөт менен интеграциялоо.
- Интеллектуалдык кызыгууну ойготуу: проблемалуу суроолор, альтернативдүү чечимдер, индивидуалдуу тажрыйба менен байланыштуу талдоолор.

Бул шарттар окуучунун адабиятка болгон кызыгуусун арттырууга, чыгармачылык жөндөмүн өнүктүрүүгө жана көркөм дүйнөнү инсандын руханий байлыгын арттыруучу каражат катары кабылдоосуна жардам берет. Окуучулар менен иштөөдө мугалимдин окуучуларга карата гумандуу позициясынын болушу, алар менен болгон мамиледе жогорку ишенимди, ар бир окуучунун өзгөчөлүктөрүн, жеке баалуулуктарын сөзсүз кабыл алуусу жана колдоосу талап кылынат. Адамдык, инсандык жана жарандык баалуулуктарын калыптандырууда мугалимдин жеке позициясы окуучуларга үлгү болуусу менен бирге ар дайым анын тарбия ишинин жана окуучунун психологиялык коопсуздугунун өзөгү болуп кызмат кылат.

Кыргыз жана дүйнө адабиятын окутууда коопсуз билим берүү чөйрөсүн түзүү — ар бир окуучунун өзүн ишенимдүү, эркин жана психологиялык жактан корголгон инсан катары сезүүсүн камсыз кылууга багытталат. Бул чөйрөдө окуучу чыгармачылык менен ойлонуп, текст менен терең иштеп, өз оюн эркин билдире алат. Мындай чөйрө окуучунун инсандык өнүгүүсүнө, маданий ар түрдүүлүккө ачык болуусуна, баарлашууга, өз ара урматтоого жана жоопкерчиликтүү жарандык позицияны калыптандырууга көмөктөшөт. Мугалим коопсуздукту камсыз кылуу менен бирге окуучуну коомдук турмушка аралашууга даярдаган инсан катары өнүктүрөт.

**Коопсуз билим берүү чөйрөсүн камсыз кылуудагы негизги принциптер:**

- Ар бир окуучунун пикирин урматтоо – сабакта ар кандай пикирлерге түшүнүү менен мамиле кылып, пикир билдирүүдөгү эркиндикти камсыз кылуу.
- Катачылыкты үйрөнүүгө мүмкүнчүлүк катары кабыл алуу – окуучунун ишенимин бекемдеп, жаңылышууга укугу бар экенин таанып, сабырдуулукка үндөө.
- Бардык окуучуларга тең шарт түзүү – этностук, маданий жана башка ар түрдүүлүктү эске алуу менен инклюзивдүү мамиле кылуу.
- Сүйлөө жана угуу маданиятын өнүктүрүү – бири-бирине урмат-сый менен мамиле кылуу аркылуу диалог маданиятын жайылтуу.
- Окуучулардын чыгармачыл демилгелерин колдоо – чыгарма тууралуу ойлорун жазуу, сүрөттөө, сахналаштыруу өңдүү аракеттерин кубаттоо.
- Жоопкерчиликтүү мамилени өнүктүрүү – адабий каармандардын тандоосу аркылуу коомдук жана инсандык жоопкерчиликти түшүнүүгө өбөлгө түзүү. Бул шарттар окуучунун адабиятка болгон кызыгуусун арттырып, инсандык жана жарандык сапаттарын өнүктүрүүгө көмөктөшөт. Ошону менен бирге, мугалим окуучуларды өз маданиятын терең түшүнүүгө, башкалардын маданиятына ачык мамиле кылууга, адамгерчилик жана жоопкерчилик принциптерине негизделген жол менен тарбиялайт. Ошондой эле, экологиялык, физикалык коопсуздугу талапка ылайык болуш керек.

- **Экологиялык коопсуздук** таза аба, суу, туура тамактануу, жарыктын жогорку сапаты, туура температура, желдетүү, энергияны үнөмдөө, багбанчылык ж. б.
- **Физикалык коопсуздук** имараттын коопсуздугун жана ишенимдүүлүгүн камтыйт, анын

ичинде өзгөчө кырдаалдарда, аны колдонуу процессинде окуу жабдуулары ж.б. мектептин кабинетиндеги бардык элементтер санитардык-эпидемиологиялык эрежелерге, электр жана өрт коопсуздугунун эрежелерине ылайык келиши керек.

Кыргыз адабияты сабагында окуучунун окуу жетишкендиктерин баалоо - анын билим деңгээлин, көркөм-эстетикалык жана чыгармачылык өнүгүүсүн үзгүлтүксүз көзөмөлдөөгө, колдоого жана өркүндөтүүгө багытталган маанилүү процесс болуп саналат. Баалоо окутуунун ажырагыс бөлүгү катары окуучунун жеке ийгиликтерин, компетенттүүлүк деңгээлин жана чыгарма менен иштөө жөндөмүн аныктоого мүмкүндүк берет. Баалоо окуучулардын окуу жетишкендиктеринин предметтик стандарттын мазмунуна дал келишин аныктоо максатында жүргүзүлөт.

**Баалоонун максаты:**

- Окуучунун адабияттык билимдерин, түшүнүгүн жана түшүндүрмө берүүсүн аныктоо;
- Көркөм чыгарманы кабыл алуу, чечмелөө, талдоо жана баалоо жөндөмдөрүн өнүктүрүү деңгээлин көзөмөлдөө;
- Окуучунун эстетикалык табитин, улуттук баалуулуктарга болгон мамилесин жана чыгармачылык ишмердигин баалоо;
- Окутуу усулдарын жана материалдарын жакшыртуу боюнча кайтарым байланыш алуу.

**Баалоонун түрлөрү:**

1. **Диагностикалык баалоо** - окуу жылынын башында окуучунун баштапкы деңгээлин аныктоо үчүн колдонулат;
2. **Формативдик баалоо** - күнүмдүк сабак учурунда окутуу процессинде үзгүлтүксүз жүрөт. Ага оозеки суроо-жооптор, кыскача жазуу тапшырмалары, ойлорду жүйөлөө жана чыгарма боюнча өз көз карашын билдирүү кирет;
3. **Суммативдик баалоо** - тема, чейрек, жарым жылдык жана жылдык жыйынтыктоочу баалоо. Тесттик тапшырмалар, аналитикалык талдоолор, чыгармачылык иштер аркылуу жүргүзүлөт.

**Баалоонун мазмундук компоненттери:**

- Көркөм чыгарманы түшүнүү жана мазмунун айтып берүү;
- Каармандарга баа берүү жана алардын аракеттерин талдоо;
- Автордун идеясына жана көркөм ыкмаларына түшүнүк менен мамиле кылуу;
- Өз алдынча көркөм текст жаратуу (эссе, уланды, баяндама ж.б.);
- Улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктарга негизделген ой жүгүртүүнү көрсөтүү.

**Баалоо ыкмалары:**

- Оозеки жана жазуу иштери (рефлексия, сын пикир, эссе);
- Практикалык жана чыгармачылык тапшырмалар (иллюстрация, сахналаштыруу, кол өнөрчүлүк элементтери менен чыгармачыл көркөм жумуштар);
- Портфолио (окуу жыл ичинде топтолгон иштер жыйнагы);
- Баалоо критерийлери менен иштөө (жетиштүү/жетишилүүчү деңгээлдер боюнча).

. Инсанга багытталган окутуунун практикасында окуучулардын окуу жетишкендиктерин текшерүү көбүрөөк жайылтылган:

1) окуучунун баштапкы жана аякталыштагы жыйынтыктарынын дал келиши,

б.а.

окуучунун жеке өсүшүнүн динамикасы;

2) окуучу жасаган иштин критерийлер менен дал келиши. Окутуу учурунда төмөнкүлөр бааланат:

- сабак учурундагы окуучулардын иши;
- окуучулардын ишмердүүлүгүнүн натыйжасы;

Окуучулардын жетишкендиктерин баалоодо тапшырмалардын түрдүү тапшырмалары колдонулат.

Тапшырмаларды топторго бөлүштүрүү төмөндөгүлөрдү эске алуу менен өткөрүлөт:

- берилген тапшырмаларды чечүүнүн ар түрдүү деңгээлдеги татаалдыгын;
- окуучулардын тапшырмаларды чечүүнүн ар түрдүү деңгээлдеги өз алдынчалыгын.

**1-топтогу тапшырмалар** – текст боюнча жалпы багыт алуу, ачык берилген маалыматты колдонуу: ачык берилген маалыматты издөө жана табуу, ошондой эле тексттеги фактылардын негизинде түз жыйынтыктар менен корутундуларды формулировкалоо (тексттеги маалыматтын негизги темасын жана идеясын түшүнүү, тексттеги айтылгандар боюнча жалпы түшүнүк).

**2-топтогу тапшырмалар** – текстти терең түшүнүү, маалыматты интерпретациялоо жана өзгөртүп түзүү, анализдөө, текстте ачык эмес берилген маалыматты жалпылоо жана интерпретациялоо, текстте түз айтылбаган байланыштарды орнотуу, бир топ татаал жыйынтыктарды жана баалоочу ойлорду айтуу.

**3-топтогу тапшырмалар** – маалыматты окуу-практикалык тапшырмаларда колдонуу жана өз тексттерин түзүү, карама-каршы жана талаш маалыматты табуу, алынган маалымдоо боюнча баалоочу пикирин жана өз көз карашын айтуу.

Төмөнкү таблицада предметтик стандарттардын жетишкендиктерин таап көрсөтүүгө багытталган тапшырмалардын түрлөрүнүн варианты жана бул же тигил тапшырмалар үчүн баанын оордугун болжолдуу бөлүштүрүү сунушталган.

**2-таблица - Окуучулардын компетенттүүлүгүн баалоо үчүн тапшырмалардын түрлөрү**

| № | Окуучулардын компетенттүүлүгүн баалоочу тапшырмалардын түрлөрү | Баанын оордугун болжолдуу бөлүштүрүү | Тапшырмалардын топтор менен дал келиши |
|---|---|---|---|
| 1. | Айтып берүүнүн түрлөрү | 10% | 1 |
| 2. | Окуучулардын текстке карата суроо берүүсү. Суроолорго жооп берүүсү | 10% | 1,2,3 |
| 3. | Чыгармалардын, образдардын, темалардын, эпизоддордун анализи | 20% | |
| 4. | Жазуу иштери (иштердин мазмунуна багыт алуу, окуучулардын рефлексиясынын негизинде кыргыз тили сабактары менен байланышы):<br>Эркин эссе.<br>Аргументтештирилген эссе.<br>Түрдүү жанрларда дил баян (эссе, жомок, тамсил, ыр, аңгеме). | 15% | 2,3 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 5. | Көркөм окуу.<br>Сахналаштыруу.<br>Иллюстрациялоо, жабыштырып жасоо, аппликация жана башкалар. | 10% | 3 |
| 6. | Адабий темалар боюнча чыгармачылык долбоор.<br>Комплекстүү долбоор (сүрөт колдонуу менен чоң эмес изилдөө, музыка, информатика). | 20% | 2,3 |
| 7. | Чыгармачыл презентация | 15% | 2,3 |

**Эскертүү:**

Иштердин саны жана баалардын оордугу боюнча бөлүштүрүү класстан-класска компетенттүүлүгүнүн өсүү динамикасын эске алуу менен ишке ашырылат. Класстарга бөлүштүрүүгө ылайык баалоо үчүн жалпы багыт болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- жумуштун көлөмү
- кабыл алуу менен түшүнүүнүн тереңдиги
- өз алдынчалыктын деңгээли (демилгелөө, тандоо, интерпретациялоо)
- чыгармачылык ыкма
- айтканын аргументтештирүүсү, текстке таяныч

Окуучулардын ишмердүүлүгүнүн натыйжасын баалоо критерийлери ар бир тапшырмага жана иштин түрлөрүнө карата түзүлөт.

**Предметти өздөштүрүүнүн деңгээли**

Предметти өздөштүрүүнүн денгээлдерин бөлүштүрүү үчүн негиз адабий чыгарманы кабыл алуу сапатына багытталган. Окуучулардын адабий чыгарманы кабыл алуусунун сапаты окурмандын ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктарын анализдөөнүн негизинде түзүлөт. Кабыл алуунун сапаты деп окурмандын каармандар жана чыгарманын автору менен кошо башынан кечирүү, эмоциялардын динамикасын көрүү, жазуучу жараткан турмуш картинасын элестетүүнү кайра түзүү, каармандардын кылган жоруктарынын түп натыйжасы, мотивдери тууралуу ой жүгүртүү, чыгарманын каармандарын баалоо, автордун позициясын аныктоо, чыгарманын идеясын өздөштүрүү, б.а. автор койгон көйгөйдү өз жан дүйнөсүнөн баалап, сындоо жөндөмдүүлүгүн түшүнөбүз. Чыгарманы толук түрдө кабыл алуу окуучунун адабий өнүгүүсүнүн жогорку денгээли жөнүндө кабарлайт.

Окуучунун окурмандык сезимдеринин активдүүлүгүн, кайра жаратуучу жана чыгармачыл элестетүүсүн, көз алдыга элестетүүсүнүн конкреттүүлүгүн жана көркөм жалпылоого сиңүү денгээлин, окуунун, окурмандык баасынын жана ориентир алуусунун үстөмдүк кылуучу мотивдерин эске алып, окуучунун кабыл алуусунун үч деңгээлин бөлүп көрсөтүүгө болот: сюжеттүү окуялуу (төмөн) деңгээл, образдуу-аналитикалык (орто) деңгээл, идеялык-эстетикалык (жогорку) деңгээл

**Баалоонун негизги принциптери:**

Окуучуларды баалоодо мугалим – обьективдүүлүк, негиздүүлүк, системалуулук, бирдиктүү талап, ар тараптуулук, жекелик мүнөздөгү принциптерди жетекчиликке алышы зарыл.

**Обьективдүү** баа субьективдүү жана жаңылыш ойду жокко чыгарат. Обьективдүүлүк көп фактордон көз каранды. Алардын ичинен эң маанилүүсү окуунун максатынын диагноздуулугу, баанын мазмунут менен обьектти тандоонун негизделиши, талдоо, жыйынтыктарды баалоо методдору менен камсыздалышы. Обьективдүүлүк төмөнкүлөрдөн турат:

- билим берүү системасынын көсөткүчтөрү менен критерийлерин аныктайт; илимий негизделген баалоо каражаттарынын мазмуну (суроолор менен тапшырмалар, тесттер, анкета, сурамжылоо);
- ар түрдүү баалоо процедураларынын (байкоо, өлчөө, анкета алуу, суроо- жооп) туура келүүчүлүгү;
- талапка жооп берген критерийлер аркылуу системадагы компоненттердин абалын баалоо.
- Өзгөчө белгилеп кетүүчү нерсе баанын чындыгынын обьективдүүлүгү баалоону аткаруучу мугалимдерден, баа каражаттарынан жана методдордон көз карандысыздыгы.

**Негиздүүлүк.** Коюлган баа сөзсүз аргументи менен болушу керек. Ошол эле учурда, аргумент мазмундуу мүнөздөлүп жана мазмун формасы менен окуучунун аткарган ишине, баанын критерийлеринин талабына жооп берүүсү керек. Бааны негиздөөдө мугалим окуу материалынын көлөмүн, деңгээлин жана берилген тапшырманын аткарылган сапатына көңүл буруусу керек. Мугалим бааны аргументтегенде төмөндөгүлөрдү бөлүп көрсөтүшү керек:

- окуучунун анализ бере билүү билгичтиги; себеп-натыйжалык байланыштын орнотулушу; ой-жүгүртүүнү маалымдоосу;
- өзүнүн көз карашын далилдөөсү;
- ар кандай шартта алган билимин колдоно билүүсү;
- окуу материалын жалпылоо менен негизгисин белгилеп көрсөтө билүүсү.

**Системалуулук принциби** билим берүү процессинин баштапкы этабынан акырына чейин баа ишмердүүлүгү аткарылат. Системалуу баалоого билим берүү системасынын бардык компоненттери дуушар болот. Контролдоо менен баалоону системаны туруктуу текшерген жыштыкта өткөрүү керек. Баалоонун системалуулук принциби комплекстүү ыкма аркылуу аткарылып, ар кандай формалар, методдор жана баа каражаттары тыгыз байланышта бирдиктүү максатта башкарылат.

**Бирдиктүү талап.** Көпчүлүк учурларда кээ бир окуучуларга жеңил суроолор берилсе, кээ бирөөлөргө узак жоопту талап кылган тапшырмалар берилет. Ал эми окуучулардын билими бирдей балл менен бааланат. Бардык окуучуларга бирдей талап коюлушу керек. Баалоодо бирдиктүү программалык талаптар коюлушу керек, билимди баалоодо бирдей критерий болууга тийиш. Окуучулар кандай билимди кандай көлөмдө өздөштүрүшү керек экендигин билүүсү керек.

**Ар тараптуулук принциби.** Баалоо окуучулардын ээ болгон билимдерин аныктоону, жана ошондой эле билгичтик менен көндүмдөрдү калыптандыруунун даражасын аныктоону шарттайт, алар ар тараптуулук принцибинин мазмунун түзүшөт. Мугалим ар тараптуу өнүгүү принцибин жетекчиликке алуу менен төмөндөгүлөрдү эске алуусу керек:

- өздөштүрүлгөн материал боюнча билимдин көлөмүн (окуу обьектилери жана билимдин элементтери, түшүнүк, мыйзамдар, идеялар ж.б.);
- өздөштүрүлгөн билимдин деңгээли, билимди текшерүү, стандарттык эмес шартта билимди колдонуу;
- билимдин сапаты (толуктугу, бекемдиги, тереңдиги, ийилчектиги ж.б.).

**Жекелик принциби.** Баа жекелик мүнөздү да алып жүрөт. Оозеки же фронталдык суроо-жоопто, дил баян жазганда же жат жазуу жазганда, экзамен же зачетто дайыма өзгөчөлөнгөн билими билинип турат. Ошондуктан, баалоо процесси ар бир окуучунун билиминин деңгээлин билгенден кийин жүргүзүлүүгө тийиш. Жекелик принциби төмөндөгүлөрдү аныктоону талап кылат:

- окуу материалы боюнча окуучу эмнелерди билет; окуучунун билим

деңгээли кандай;
- окутуу процессинде окуучу эмнени үйрөнө
алган жок; жетишпегенин себеби кайсы;
- билими боюнча жетишпегендигин жоюу үчүн эмне кылуу керек.
- Ошондуктан, бул принциптин маңызы ар бир окуучунун өзгөчөлүгүн жакындан билүү болуп саналат.

## VI. РЕСУРСТУК КАМСЫЗДООГО МИНИМАЛДУУ ТАЛАПТАР

Кыргыз адабияты сабагы боюнча сапаттуу билим берүүнү камсыздоо үчүн ресурстук камсыздоо өтө маанилүү ролду ойнойт. Бул ресурстар окуучулардын калыптануусуна, билимди терең өздөштүрүүсүнө жана мугалимдердин натыйжалуу иштешине шарт түзөт.

**Таблица 5. – Ресурстук камсыздоо**

| Билим берүү ресурстарынын түрлөрү | Талаптардын мүнөздөмөсү |
|---|---|
| **МКТ** | Предмет боюнча колдонмолору камтылган интерактивдүү панель |
| **Маалыматтык-байланыш технологиялары** | МКТнын заманбап каражаттары төмөнкүлөрдү камсыз кылышы керек:<br>- глобалдык (Интернет тармагы) жана ички локалдык тармактын ресурстарына жетүү;<br>- интерактивдүү билим берүү ишинин мүмкүнчүлүгү;<br>- окуу мазмунун көрсөтүү.<br>- үндү күчөтүүчү приборлор (колонкалар, наушниктер), көрүүсү, угуусу начар окуучулардын материалды өздөштүрүүсүн камсыз кылуучу субтитрлер.<br>Компьютердик техниканын саны билим берүү керектөөлөрүнө ылайык келүүгө жана аны натыйжалуу пайдаланууга педагогдордун жана окуучулардын даярдык деңгээлин эске алууга тийиш. Санариптик компетенттүүлүктү өнүктүрүүгө багытталган мугалимдер үчүн квалификацияны жогорулатуу курстарын үзгүлтүксүз уюштуруу зарыл.<br>Каражаттарды (персоналдык компьютерлер, сканерлер, принтерлер, мультимедиялык проекторлор ж.б.), анын ичинде майыптыгы бар балдар үчүн көмөкчү технологияларды (үндү күчөткүч, наушник, проектор, лупа ж. б.) камтыган заманбап компьютердик техника менен да камсыз кылынышы керек. |

| | |
|---|---|
| **Санариптик билим берүү ресурстары** | Санариптик билим берүү ресурстары, анын ичинде электрондук окуу китептери, предметтер боюнча тренажерлор, Интернет түйүнүндө издөө каражаттары жана издөө системалары, электрондук билим берүү материалдарынын коллекциялары, ошондой эле билим берүү интернет-порталдары менен камсыз болушу керек. Санариптик ресурстар плакаттар, таблицалар жана схемалар сыяктуу басылган визуалдык демонстрацияларды алмаштыра алат.<br>Санариптик билим берүү булактары материалдарга, анын ичинде титрлерге жана наушниктерге визуалдык жана угуу мүмкүнчүлүгүн берет.<br>Санариптик билим берүү ресурстары төмөнкү функцияларды аткарышы керек:<br>- маалымат булактары;<br>- керектүү маалыматты издөө куралдары;<br>- окуу процессин уюштуруу каражаттары.<br>Санариптик билим берүү ресурстарынын саны жана тизмеси зарылчылыктын жана жетиштүүлүктүн талаптарына жооп бериши керек |
| **Окуу-методикалык комплекстерн** | – Окуу процесси мугалим үчүн зарыл болгон методикалык камсыздоону (ченемдик-укуктук документтер, окуу программасы, КТП, окуу китеби, окуу программасы, мугалим үчүн методикалык сунуштамалар, жумушчу дептер ж.б.), маалымдамаларды жана сөздүктөрдү камтыган заманбап окуу-методикалык комплекс менен камсыз кылынууга тийиш.<br>Окуу-методикалык комплекси төмөнкүлөрдү камсыз кылат :<br>– предметтик мазмунду өздөштүрүү;<br>– окуучулардын окуу ишмердүүлүгүн уюштуруу;<br>– окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү;<br>– билимдерди, көндүмдөрдү, компетенттүүлүктөрдү окуучулардын билим алуу муктаждыктарын эске алуу менен өнүктүрүү: окууда кыйынчылыктарга дуушар болгон окуучулар үчүн, ошондой эле таланттуу балдар үчүн материалдар (дидактикалык карточкалар, онлайн куралдар, графикалык уюштургучтар ж.б.). |

## VII. ШЫКТАНДЫРУУЧУ ЖАНА КООПСУЗ БИЛИМ БЕРҮҮ ЧӨЙРӨСҮН ТҮЗҮҮ

Кыргыз адабияты сабагында окуучунун инсандык өсүүсүнө, чыгармачылык эркиндигине жана ички мотивациясына өбөлгө түзгөн шыктандыруучу жана коопсуз чөйрөнү уюштуруу - заманбап билим берүүнүн маанилүү багыты болуп саналат. Бул чөйрөдө ар бир окуучу өзүнүн ойлорун ачык айтып, жаңылышуудан коркпой, адабий дүйнөнү изилдөөгө, чыгарма жаратууга жана эстетикалык таасирленүүгө эркин шарт түзүлөт.

**Шыктандыруучу чөйрөнүн негизги компоненттери:**

- Позитивдүү психологиялык климат - өз ара урматтоо, колдоо жана боорукердик мамиле;

- Чыгармачылык эркиндик - окуучунун оюн, көз карашын, сезимин билдирүүсүнө мүмкүнчүлүк берүү;
- Жеке кызыгууну эске алуу - чыгарма тандап окууда, тапшырмаларда окуучунун дүйнө таанымына жараша тандоо мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу;
- Окуучунун ийгилигин баалоо жана шыктандыруу - эмгеги, прогресси үчүн мотвация берүү, өзүн өзү баалоого үйрөтүү.

**Коопсуз чөйрөнүн педагогикалык аспектилери:**

- Пикир айтууда жана талкууда дискриминацияга жол бербөө - ар түрдүү ой-пикирлерди сабырдуулук менен кабыл алуу маданиятын калыптандыруу;
- Жазалоочу эмес, колдоочу мамиле чыгармачылык тапшырмаларда ката кетирсе да, окуучуну коркутпай, тескерисинче үйрөнүүгө түрткү берүү;
- Коопсуз коммуникативдик мейкиндик - ар бир окуучунун үнүн угуу, тобу менен иштөөдө ар биринин катышуусуна шарт түзүү;
- Индивидуалдык мүнөзгө карата урмат-сый - окуучунун темпераменти, ойлонуу ыкмасы, кабылдоо деңгээли эске алынган мамиле.

**Практикалык мисалдар:**

- Чыгарма окугандан кийин “Каармандын ордуна сен болсоң эмне кылмаксың?”, “Бул окуяны сен кандай аяктайт элең?” деген сыяктуу суроолор менен окуучунун ой жүгүртүүсүнө дем берүү;
- Чыгармачылык иштерден кийин мактоо сөздөрдү айтуу, “сенин оюң абдан маанилүү болду”, “көз карашың жакты” деп баалоо;
- Класста “Китеп бурчу”, “Чыгармачылык бурч” сыяктуу бурчтарды уюштуруу.

Ошондой эле, экологиялык, физикалык коопсуздугу талапка ылайык болуш керек.

**Экологиялык коопсуздук** таза аба, суу, туура тамактануу, жарыктын жогорку сапаты, туура температура, желдетүү, энергияны үнөмдөө, багбанчылык ж. б.

**Физикалык коопсуздук** имараттын коопсуздугун жана ишенимдүүлүгүн камтыйт, анын ичинде өзгөчө кырдаалдарда, аны колдонуу процессинде окуу жабдуулары ж.б. мектептин кабинетиндеги бардык элементтер санитардык-эпидемиологиялык эрежелерге, электр жана өрт коопсуздугунун эрежелерине ылайык келиши керек.